“БЕКИТЕМИН”
Бишкек шаарынын
№64 мектеп гимназиясынын
директору Белегбаева Ч.Дж.
_27_ _02_ 2024-жыл

**Илимий изилдоонун илимий**

**ишмердүүлүктүн натыйжаларын ишке ашыруу**

# АКТЫСЫ

1. Ишке ашыруунун автору: Доронбаева Нурзада Орунбековна.
2. Илимий-изилдөө иши: “Башталгыч класстын окуучуларынын дене тарбия сабактарында кыргыздын элдик кыймылдуу оюндарына кызыгууларын калыптандыруу (3-4-класстардын дене тарбия сабагынын мисалында) аттуу темадагы адистиги 13.00.01 – Жалпы педагогика, педагогика жана билим берүү тарыхы.

**Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү төмөнкүчө:** Изилденген материалдар жана аларды башталгыч класстын 3-4-класстын окуучуларынын дене тарбия сабагында пайдалануу, педагогикалык процесстин мазмунун олуттуу деңгээлде байытууга мүмкүндүк берип, сабактардын жалпы жана мотордук жыштыгын дене тарбияда колдонуучу каражаттары сыяктуу эле жогорулатат жана Кыргызстандын жалпы билим берүү мектептеринде колдонууга сунушталышы мүмкүн

**Изилдөөнүн максаты:** Башталгыч класстын окуучуларын дене тарбия сабактарында кырыгыз элдик оюндарына кызыгууларын калыптандыруунун жолдорун аныктоо.

**Изилдөөнүн милдети:**

1. Кыргыз элдик кыймылдуу оюндары боюнча дене тарбия сабагында колдонуунун теориялык, практикалык негиздерин аныктоо.
2. 4-класстын окуучуларынын дене тарбия сабактарындагы кыргыз элдик кыймылдуу оюндарын системалаштыруу.
3. Элдик кыймылдуу оюндарынын окуучулардын “Ден Соолук” комплексинин нормаларын, талаптарын аткарууга даярдыгына тийгизген таасирин педагогикалык экспериментте текшерүү.

**Изилдөөдө алынган натыйжалардан илимий жаңылыгы төмөнкүдөн турат:** Кыргыз элдик кыймылдуу оюндары боюнча атайын педагогикалык адабияттар талданып, аларды дене тарбия сабагында колдонуунун теориялык, практикалык негиздери ачыкталган.

Сканировано с CamScanner

2. 3-4-класстын окуучуларынын дене тарбия сабактарындагы кыргыз элдик кыймылдуу оюндарын системалаштырылган.
3. Башталгыч класстын окуучуларын кыргыз элдик кыймылдуу оюндарына болгон кызыгуусун калыптандыруунун тийгизген таасирин педагогикалык эксперименттик иштерде текшерилген.

**3. Бул иш:** Бул изилдөөнүн жараянында алынган материал, 3-4-класстардын дене тарбия сабагында кыргыздын элдик кыймылдуу оюндарына кызыгууларын калыптандыруу менен максатын ийгиликтуу ишке ашырат. Жалпыга маалым болгондой, бул изилденүүнү окугандарды ар тараптуу өнүктүрөт.

Мектеп окуучуларынын кыймылдуу оюндарга болгон кызыгуусу, умтулуусу, биз жүргүзгөн педагогикалык эксперимент учурунда анык тастыкталды. Ошол эле мезгилде оюн учурунда байкалуучу оң жана терс көрүнүштөрдү көңүлдөн чыгарбоону милдеттендирет.

Оюн учурундагы кээ бир кемчилдиктердин орун алышын да эске алуу зарыл: окууучулардын жеке дене бойлук сапаттарына таасир этүүнүн чектелиши; мугалимге, оюн учурундагы кыймыл-аракеттерди так аткарууну талап кылуудагы кыйынчылыктардын келип чыгышы; жүктөмдөрдү иретке келтирүүдөгү мүмкүнчүлүктөрдүн чектелиши; билим берүүгө, тарбиялоого, ден соолукту чыңдоодогу берилген тапшырмаларды аткаруунун кыйынчылыктары; алдын ала даярдыктарды көрүү.

**4. Кыскача аннотация:** Жогорудагы аталгандар 3-4-класстын окуучу балдардын кыргыз элдик кыймылдуу оюндарды натыйжалуу пайдалануунун негизинде республикалык "Ден Соолук" комплексинин нормаларын талаптарын ийгиликтүү тапшырууга өбөлгө түзөт. Элдик кыймылдуу оюндарды дене тарбия сабагында рационалдуу колдонуу, окуучулардын ден соолугун чыңдоого, жалпы билим алуусуна, эмоционалдык, эрктик, адеп-ахлактык сапаттарын жогорулатууга натыйжалуу таасирин тийгизет.

**5. Ишке ашыруунун натыйжасы:** Диссертациянын жалпы мазмунунда башталгыч класстын окуучуларын дене тарбия сабагында элдик кыймылдуу оюндар аркылуу кызыгууларын калыптандырууда ден соолугун конкреттүү методикалык мааниге ээ болгон бир катар жоболорду коюуга шарт түздү. Мында анын жардамы менен бул маанилердин ичинен өзгөчө курч жана практикалык зарыл маанилер аныкталган.

Изилдөө 3 этапта жүргүзүлгөн:

**Биринчи этапта** (2018-2019-окуу жылында) тема жана изилдөөнүн максаты, анын милдеттери жана жумушчу гипотеза аныкталып, басылма булактар иликтенген, республиканын Бишкек шаарындагы №64 мектеп гимназиясында жана Ысык-Көлдөгү Семеновка айылындагы П.Ф.Колесников атындагы мектептеринде элдик кыймылдуу оюндарды

Сканировано с CamScanner

колдонуудагы мектеп программасынын алкагында дене тарбия сабактарында пайдалануу мүмкүнчүлүгү аныкталган.

Шаардын,айылдын жашоочулары менен атайын пландаштырылган аңгемелешүү жүргүзүлүп, алардын айткандарына ылайык оюндун мазмуну жана эрежелери, алардын өнүгүү тарыхы жазылган. Мындан тышкары, окуучулардын күнүмдүк бош убактыларында көп ойнолгон оюндарга көңүл буруу уюштурулган. Мындай материалдарды топтоонун жүрүшүндө эрежелери жана оюндарды уюштуруулары азыркы шарттагы дене тарбия иштеринин методдоруна ылайык такталган. Аңгемелешүүлөрдүн жана тандоонун натыйжасында оюндардын жазылып алынган материалдарын айкалыштыруу, шаар менен айыл жерлериндеги элдик оюндарын өткөрүүдө бир катар айырмачылыктары бар экендиги аныкталган. Бул тандалган каражаттарды мектептин дене тарбиясынын талаптарына ылайык пайдалануунун мазмунун жана эрежелерин иретке келтирүүнү талап кылды.

Оюндарды тандоо учурунда төмөнкүдөй жоболор эсепке алынган:

1. Негизги дене-бой сапаттарын өнүктүрүүдө тарбиялоонун көрсөтүлгөн каражаттарынын мааниси жана мүмкүнчүлүгү.

2. Алардын программалык материалдарды өздөштүрүүдөгү жана «Ден Соолук» комплексин нормаларын тапшырууга даярдоо үчүн зарыл болгон кыймыл-аракет көндүмдөрүнө кызыгууларын калыптандыруунун жана өркүндөтүүнүн маанинин мүмкүнчүлүктөрү.

3. Жалпы билим берүү мектептеринин 3-4-класстарынын окуучулары үчүн оюндардын жана көнүгүүлөрдүн жеткиликтүүлүгү.

4. 3-4-класстарынын окуучулардын оюндарга кызыгуулары, алардын эмоциялуулугу.

5. Аталган каражаттардын ден соолукту чыңдоодо жана тарбиялоодо маанилүүлүгү.

Тандоо учурунда өткөн учурдун элеттик ырым-жырымдары жана адаттары ачык чагылдырган, одоно мүнөздөгү кыймыл-аракеттерди камтыган, жүрүм-турумду жана айлана-чөйрөдөгү нерселер менен кубулуштарга карата мамилени терс жакка тарбиялаган бардык оюндар четке кагылды.

**Экинчи этапта** (2020-2021-окуу жылында)  ушул оюндарды иш жүзүндө текшерүү Бишкек шаарынындагы № 64-мектеп гимназия жана атындагы орто мектебинин жана Ысык-Көлдөгү Семеновка айылындагы П.Ф.Колесников атындагы мектептеринин 3-4-класстын окуучулары менен өткөрүлдү. Натыйжада алардын мазмунуна жана эрежелерине өзгөртүү-түзөтүүлөр киргизилген. Натыйжалуулугу төмөн жана эмоциясыз оюндар пайдалануу практикасынан алынып салынды («Кара казан», «Буюм жашырмай», «Түнкү аңчы» жана башкалар). Ар бир кыймылдуу оюн сабактын жүрүшүндө апробацияланды, мында окуучулардын жүрүм-турумуна, кызыгууларына,

Сканировано с CamScanner

белгиленген эрежелерди өздөштүрүүсүнө, кыймыл–аракеттеринин активдүүлүктөрүнө байкоо жүргүзүлгөн. Мындан тышкары, тиешелүү дене-бой сапаттарына жана кыймыл-аракет көндүмдөрүнө таасирин тийгизүү планында ар бир тапшырмалардын артыкчылыктары каралып аныкталган.

Экинчи этапта өткөрүлгөн иш «Кыргыз элдик кыймылдуу оюндарын» системалаштырууга, алардын жеңил атлетика, кросс даярдыгы, кыймылдуу оюндар боюнча милдеттүү программалык материалдар менен оптималдуу айкалышуусун табууга, атайын уюшулган тажрыйбалык ишти киргизүүгө мүмкүндүк берди.

**Изилдөөнүн үчүнчү этабында** (2022-2023-окуу жылында) 3-4-класстын окуучулары менен педагогикалык тажрыйба өткөрүлгөн. Ал Бишкек шаарындагы № 64-мектеп гимназиясында жана Ысык-Көлдөгү Семеновка айылындагы П.Ф.Колесников атындагы мектептеринде өткөрүлгөн жана кайрадан мектеп шартында текшерилип чыгылып, тиешелүү оңдоолор, толуктоолор киргизилди. Педагогикалык экпериментке ар бир мектептен эксперименттик жана текшерүүчү класстар катышкан.

**6. Ишке ашыруунун формасы:** Диссертациялык изилдөөнүн материалдары эл аралык жана республикалык конференция жана илимий докладдарда чагылдырылды. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде, эл аралык илимий практикалык конференцияларында, Б.Т.Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясында, Баткен мамлекеттик университетинде, илимий педагогикалык конференцияларында баяндалган жана талкууланган.

**Изденүүчү:** **Н.О.Доронбаева**

**Комиссиянын төрагасы:**
№64 мектеп гимназиясынын
дене тарбия бөлүмүнүн башчысы **Токтогул к Наргиза**

**Комиссиянын мүчөлөрү:** **Жанарбек у Г.**
**Дене тарбия мугалимдери** **Атабаев Э.Т.**

**Б.Т.Турусбеков атындагы**
**КМДТжСАнын окуу бөлүм башчысы** **А.К. Шериппаева**

**Бишкек шаарынын**
**№64 мектеп гимназиясынын**
(башталгыч классынын окуу-тарбия
боюнча директордун орун басары)
**төмөндөгүлөрдүн колун тастыктаймын.** **Таштанова Э.Д.**

Сканировано с CamScanner